# Кумурсканын уюгунда



Автор: Бакытбек Джунусалиев

Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

# Кумурсканын уюгунда

Автор: Бакытбек Джунусалиев
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кумурсканын уюгунда" (кыргыз тилинде), автор Бакытбек Джунусалиев, сүрөтчү Эльдар Есиналинов

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Бир күнү Тилек ойноп жүрүп кумурсканын уюгун көрдү. Дароо чуркап барып, желим бөтөлкөгө суу куюп келди. Анан уюкту эңкейип карай баштады. Ошол учурда чөнтөгүнөн чоң атасы берген куруттун бирөөсү уюктун четине түшүп калды. Курутту дароо колуна ала койду. Курутка кумурска жабышып алыптыр. Кызыгып бир аз карап турду да, үйлөп жиберди. Кумурска уюктун четине барып түштү. Тилек курутту тамшанып жеп алды. Андан соң желим бөтөлкөдөгү сууну уюкка куюуга даярданды. Дал ошол учурда айланасын аппак булут каптап, эч нерсе көрүнбөй калды.



Бир убакта булут тарады. Тилек кайсы жерде жүргөнүн түшүнбөй калды. Себеби, чытырман токойдун арасында калгандай болуп, айланасын бийик-бийик жашыл бактар курчап турган экен. Бир аз ары жакта ачык жер көрүнгөндөй болду. Тилек тура калып, ошол жакты көздөй басайын деди. Бирок өзүнүн кумурскага айланып калганын көрдү. Аябай таң калды. Акырын баса баштады. Тилек үчүн дароо бир нече бутту башкаруу бир аз кыйын болду. Акырындап басып, көнүп кетти. Бир нече кадам таштагандан кийин дароо токтоп калды. Анын алдында башы чоң, муруттары узун, буттары тарбайган кумурска турган экен.

Эми ал гигант кумурска келип мени тиштейт деп Тилек коркуп кетти. Ошол учурда тигил кумурска:

– Коркпо, Тилек, мен кумурскалардын башчысымын. Атым Узунбут, – деди. – Сен дайыма уябызды бузуп же суу куюп жүрөсүң. А биз үчүн бул канчалык кыйын болорун билбейсиң. Бир уюкту куруу үчүн миңдеген кумурска көп күн бою тынымсыз иштейт. Мен сага жашообуз тууралуу айтып берейин. Биздин жашоо аябай кызыктуу. Андан кийин уюктун ичи менен тааныштырайын. Сен башка тентек балдарга биз тууралуу айтып бересиң да, туурабы? Ошондо алар дагы уюгубузга суу куюп же чыбык менен чукуп бузбай калат, – деди кумурска.

– Албетте, айтып барам, – деп Тилек сүйүнүп кетти.

Ошентип Узунбут Тилекти ээрчитип, уюкту көздөй жөнөдү. Бир караганда башаламан көрүнгөнү менен, кумурсканын уюгу өтө тыкан жана таза экенин байкады. Уюкка жакындаган сайын эки жактан чуркап өтүп жаткан башка кумурскаларды көрдү. Алардын бирөөлөрү уюк тарапка оозуна бир нерсе тиштеп алып өтүп жатса, башкалары уюктан бош чуркап чыгып жатты.

– А эмне үчүн булар чуркап жүрүшөт, жай басса болбойбу? – деп сурады Тилек.



– Биздин басканыбыз ушундай. Күн бат өтөт, тез эле жаз, жай өтүп, күз, анан кыш келет. Ошондуктан көп азык камдап алышыбыз керек. Биз, кумурскалар, жалгыздап жашабайбыз. Дайыма топ-топ болуп жашайбыз. Бир эле уюкта 20 миңден 50 миңге чейин кумурска болот. Булар – жумушчу кумурскалар. Алардын ар бири өз ишин билет. Мындан тышкары, бизде жоокер, санитар, кампачы, багуучу, багбан  жана башка кумурскалар дагы болот.

Алар уюктун жогору жагына чыгып, ичкери киришти.

Уюктун ичинде ар кандай жолдор көп экен. Жолдор алгач төмөн түшүп барып, андан кийин жогору чыгат экен. Тилекке мунун баарын Узунбут көргөзүп да, түшүндүрүп да бара жатты:



– Жолдордун мындай салынганынын себеби, жамгыр жaаганда уюкка кирген суу төмөн агып кетет. Азыктар, жумурткалар жогору жакта суу болбой кургак абалында сакталып турат.

Бир аз баскандан кийин экөө кененирээк жайга туш болду. Ошол жерде чөптүн уруктары, дандар, ар кандай өсүмдүктөрдүн жалбырактары жыйылып жатыптыр.

Узунбут сөзүн улантты:

– Бул – биздин кампабыз. Мында жумушчу кумурскалар алып келген азыктар сакталат. Алгач алар башка жакта, атайын бөлмөдө жакшылап кургатылат. Андан кийин бул кампага ташылат. Мындай жай бир нече жерде болот.



Андагы азыктар жалпы уюкту жазга чейин багууга жетет. Кампалардын топурагын жумушчу кумурскалар шилекейи менен бекемдеп, ным өтпөй тургандай кылып жасашат. Айрым өсүмдүктөрдүн уруктарын экиге, айрымдарын төрткө бөлүп салышат. Ошондуктан кургатылган азыктар өнүп же бузулуп  кетпейт, – деди.

Андан кийин ал жерден чыгып, кыйма-чийме кесилишкен жолдор менен жүрүп отурушту. Тилекке кумурсканын уюгуна болгон саякат барган сайын кызыктуу боло баштады. Улам ары-бери чуркаган кумурскалар кездешип жатты. Ошентип дагы бир чакан бөлмөгө келишти. Мында кыдырата тизилген ак жумурткалар жана аларды карап, текшерип жүргөн кумурскалар бар эле.


– Бул жакта биздин жумурткалар сакталат. Аларды багуучу кумурскалар көзөмөлдөп турушат. Бала кумурскалар ушул жерден пайда болушат, – деди Узунбут.

Андан ары дагы кыдырып жөнөштү.

– Ар бир кумурсканын өз милдети болот жана ал аны так аткарат. Мисалы, бадачы кумурскалар бар. Алар өсүмдүк битин кайтарышат. Себеби алардан “кумурска сүтүн” алышат.

– Кантип? – деп таң кала сурады Узунбуттун артынан араң жетишип чуркап бараткан Тилек.

– Бадачы кумурскалар өсүмдүк биттерин тиштеп алып, чөптөрдүн жалбырактарына кадимкидей жайышат. Алар дагы кумурскалар кайтарганга көнгөн. Мындан башка жоокер кумурскалар да болот. Алардын дене түзүлүшү башкаларга караганда бир топ чоң. Жоокер кумурскалар жумушчу кумурскаларды гана эмес, жалпы уюктун кумурскаларын коргошот. Чоочун кумурскалар келсе же башка коркунуч туулса, жумушчу кумурскаларды коргогонго даяр турушат. Бирок тентек балдар суу куюп же чыбык менен чукуп бузуп кетсе, анда бардык кумурскалар өз иштерин таштап, көпкө чейин уюкту курууга туура келет.





Тилек Узунбуттун акыркы сөздөрүн унчукпай уялып угуп баратты. Анан алар уюктун башка оозу менен сыртка чыгышты.

Кумурсканын уюгуна болгон саякат абдан кызыктуу болгону менен, Тилек ичинен туура эмес иштери үчүн өкүнүп турду. Узунбутка ыраазычылык билдирип, чын көңүлү менен кечирим да сурап коштошту.

Кызык! Кечирим сурары менен, айлана аппак болуп булут каптап калды да, Тилек кайра балага айланды.

Колундагы бөтөлкөсүн чуркап барып таштанды челекке салды. Болгон окуяны чоң атасына жана Айдай эжесине айтуу үчүн тызылдаган боюнча чуркап жөнөдү. Анткени Айдай эжеси ага дайыма жан-жаныбарларга, ал гана эмес курт-кумурскаларга аяр мамиле жасоо керек деп жүрчү. Тилек эжесине кумурска менен дос болгонун, мындан кийин алардын уюгун бузбай, дайыма коргой турганын айтуу үчүн шашып баратты.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Бакытбек Джунусалиев
Сүрөтчү: Эльдар Есиналинов

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли